КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРА-СУУ АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
КАРА-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жылдын 19-июлу №34** **Кара-Суу айылы**

**Күз-кыш мезгилине карата көмүр алуу жөнүндө**

Кара-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы А.Касымбековдун айыл аймагындагы бюджеттик мекемелердин 2023-2024-жылдардын күз-кыш мезгилине карата көмүр алууга каралган акча каражаты жетпей жаткандыгы тууралуу. Себеби, көмүрдүн баасы көтөрүлүп кеткендиги жөнүндөгү билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Эл депутаттарынын Кара-Суу айылдык аймактык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз 35-сессиясы **токтом кылат:**

1.Алты айдын жыйынтыгы менен колдонулбай калган акча каражатынын ичинен, көмүрдүн баасы көтөрүлүп кеткендигине байланыштуу көмүр алууга кошумча 50 000 миң сом акча каражаты каралсын.

**2.**Кошумча бөлүнгөн акча каражатын которуп, тендерге берүү жагы айыл өкмөтүнүн каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы Н.Эсеналиевага милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагы Кара-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы А.Касымбековго жүктөлсүн.

**Төрага** **Р.Биримкулов**